УДК 94:947 1/575.2 0845

Алымбеков К.А., Кангелдиев Б.С.
*К.Тыныстанов ат. Ысык-Көл мамлекеттик университети*

# АБДЫКЕРИМ СЫДЫКОВ - «АЛАШ» ПАРТИЯСЫНЫН МҮЧӨСҮ

*Макалада падышачылык кулатылгандан кийин Кыргызстандагы саясий уюмдардын, партиялардын түзүлүшү, алардын программасы, жетекчилери, өзгөчө «Алаш» партиясы,анын мүчөсү Абдыкерим Сыдыковдун саясий ишмердүүлүгү тууралуу кеңири маалымат берилет*

Падышачылыктын кулатылышы менен Кыргызстанда жаңы бийлик массалык репрессияларды токтотот деген үмүт пайда болгон. Ал убакта кыргыз элинин жалгыз тилеги кандуу айланпадан тезирээк чыгып, өз укум-тукумун кыргындан сактап калуу эле. Элдин массалык аң-сезиминде колонизаторлордун ырайымсыздыгы менен күчүнүн астында коркунуч сезими терең орун алган. 1916-жылдагы кандуу окуялардан кийин А.Сыдыков императорго берген антынан баш тартып, революциялык акцияларга катышат. Убактылуу өкмөт А.Сыдыковду уезддик комиссар Занемойскийдин орун басары кылып дайындайт.

Саясий, экономикалык өзгөрүштөргө суусап турган менен, кыргыз элинин негизги бөлүгү февраль революциясына да, Октябрь революциясына да кош көңүл мамиле кылышкан. Кыргыз эли өзүнүн эң жогорку «чокусун» 1916-жылы басып өткөндөн кийин, «массалык элдик энтузиазм» кескин төмөндөгөн. Өз жерлеринен айдалып чыгып, Жетисуу жана Батыш Кытайдын территориясы боюнча кансырап, тентиген, күчтүү жол башчыларынан ажыраган кыргыз эли жаңы ачык простестерди жасаганга жана саясий уюмдарды түзүүгө жөндөмсүз эле. 1917-жылдагы Россиядагы саясий процесстер улуттук интеллигенциянын, кызматкерлердин, оокаттуу адамдардын кээ бир айрым топторуна жайылтылган. Ушулардын аркасынан Кыргызстандын түрдүү бөлүктөрүндө саясий уюмдар түзүлө баштаган: Ошто мусулман депутаттар совети жана Пишпекте Кыргыз коомдук комитети, «Алаш», «Туран», «Шуро-Исламия» партияларынын бөлүмдөрү, «Букара» союзу ж.б.

«Өзүмдү өзүм билем» принциби менен жашаган мындай уюмдар жөнүндө Ю.Абдрахманов төмөнкүдөй маалыматтарды берген: «Бул партиялардын программаларында жана иш аракеттеринде эч кандай айырмачылыктар жок, ал эми партияларга бөлүнүшүн айрым эксплуататордук топтордун ортосунда бийлик үчүн күрөш катары караш керек. «Шуро-Исламиянын» түштүк канатын феодал-миллионер Сыдыкбай, Туран партиясын – мурдагы волостук башкаруучу жана ири бай киши Гази-Миңбашы жетектеген. «Шуро-Исламия» кыргыз жана өзбек коомундагы жогорку мусулман духовенствосун, имамдарды, эшендерди, молдолорду, феодалдык төбөлдөрдү, «Туран» мугалимдерди, тилмечтерди жана соодагерлерди, «Букара» - манаптарды жана кыргыз менен казак интеллигенциясынын айрым бөлүгүн бириктирген», - деп жазат Ж. Абдрахманов. Автор «Туран» партиясына «Турциянын эгидасынын алдында Туркестандын бөлүнүшү»үчүн умтулганына байланыштуу өзгөчө симпатия менен мамиле кылган.

Убактылуу өкмөт эл массасынын көптөн күткөн тилегин аткарбай, репрессияларды токтотпогонуна байланыштуу, аз убакыттан кийин А.Сыдыков отставкага кетет. 1917-ж. 14-мартагы Убактылуу өкмөттүн токтомунда колониялык

тартиптерди коргогон бардык падышалык указдар күчүндө калтырылган: «27-февралга чейинки жогорку башкаруучулардын актылары мыйзамдуу деп эсептелсин». 19-апрелде Убактылуу өкмөттүн Туркестан комитети токтом кабыл алат. Ал боюнча, кыргыз жана казак качкындарын Пржевальский, Пишпек жана башка уезддерге киргизбей, аларды Нарын жана Жетисуу обулусунун Жаркент жана Верный уезддерине жайгаштыруу каралган. Белгилей кете турган нерсе Кыргыз тарыхы боюнча көп томдукта бул факт «алаш ордочулардын элге каршы саясаты» катары бааланат. Себеби, кайткан качкындарды отурукташтыруу боюнча докладды алаш-ордочу жана Туркестан комитетинин мүчөсү, Жетисуу өкмөттүк комиссары М.Тынышпаев даярдаган. М.Тынышпаев тарабынан бул эң туура кадам эле. Себеби качкындарды мурдагы жашап турган жерине жайгаштыруу өтө коркунучтуу болгон. Ал жерлердин көпчүлүгүн орус келгиндери басып алып, отурукташып алышкан. Убактылуу өкмөт жергиликтүү калкка зордук-зомбулук көргөзүүнү токтотуу боюнча эч кандай чара көргөн эмес.

Убактылуу өкмөткө ишенимдин жоголушу А.Сыдыков жана анын пикирлештерин улуттук кызыкчылыктарды коргогон өздөрүнүн саясий уюмун түзүүгө мажбурлаган. 1917-ж. жай айларында А.Сыдыков, И.Арабаев, Д.Сооромбаев, С.Чукин, Н. Тулин, К.Тыныстанов, И.Айдарбеков жана башкалар тарабынан «Алаш-Ордо» казак-кыргыз партиясынын Пишпек бөлүмү түзүлгөн. Белгилүү болгондой советтик идеология бардык коммунисттик эмес уюмдарга терс мамиле жасаган. Ошондуктан советтик мезгилде бул партия ири жана орто улуттук буржуазиянын улутчул партиясы катары мүнөздөлүп, 1916-ж. өз элине болгон чыккынчылык, антисоветтик жана кулактык козголоңдорду даярдоо ж.б. терс иштердин бардыгы ушул партияга байланыштырылган.

Көп өтпөй эле Россияда тарыхта Улуу Октябрь Социалисттик революциясы аталган төңкөрүш болуп, бийлике В.И.Ленин башында турган большевиктер келген. 1918-ж. В.И.Ленинге кол салуудан кийин өлкөдө кызыл террор башталган. Анын илеби Кыргызстанга да тийип, Пишпектеги «Алаш» кууп таркатылып, «Шуро-Исламия», «Иттифак», «Кыргыз пролетарий кеңеши» ж.б. уюмдар жабылат. 1918-ж. Россияда – 7, 1919-ж. – 3, 1920-ж. – 9, 1921-ж. – 6 партиялардын жашоосу токтотулган. Ушундай тагдырга Пишек, Ош, Жалал-Абад жана Кыргызстандын уезддик борборлорунда жашап турушкан «Шуро-Исламия», «Туран», өңдүү туркестандык партиялар, бирикмелер жана коомдор дуушар болушкан. Таркатылгандан кийин алардын кээ бир мүчөлөрү революциянын ырайымсыздыгына жана зомбулугуна иренжишип эмиграцияга; экинчилери басмачылык менен контрреволюцияга кетишкен; үчүнчүлөрү Совет бийлиги менен кызматташышкан. Алардын арасында А.Сыдыков жана анын шакирттери бар эле. Коммунисттик партияда эмес ушул топ келечекте Кыргызстандагы большевиктик партиянын расмий багытына болгон оппозициянын уюткусун түзгөн.

«Алаш-Ордо» партиясын кадет партиясынын филиалы катары түзүү аракети 1905-ж. казак интеллигенттери А.Букейханов, М.Тынышпаев, Ж.Сейдалин, М.Дулатов тарабынан жасалган. Бирок 1906-ж. кадеттердин II сьездинде мындай аракет колдоо тапкан эмес. Себеби самодержавиени да, орус либералдарын да Россиянын курамында автономиялык мамлекеттик түзүлүштү түзүүгө багытталган алашчылардын платформасы канагаттандырган эмес. Автономия түзүү прецеденти

турмушка ашып кетсе, ал эң оор кесепеттерге – Россиянын империя катара талкаланышына алып келмек. Ошондуктан самодержавие мезгилинде партия катары расмий түзүлгөн эмес. «Алаштын» курулушуна кыргыз И.Арабаев активдүү катышкан. Ал 1913-1918-жж. партиянын саясий органы «Казах» газетасын редакциялап турган. Ушул газетага 21-ноябрь, 1917-ж. «Алаштын» программасында: «Россия демократиялуу, федеративдүү республика (демократиялуу, элдик, майда мамлекеттердин федеративдүү союзу) болушу керек. Федеративтүү республикадагы ар бир өзүнчө мамлекет автономдуу жана бирдей укуктарда жана кызыкчылыктарда өзүн өзү башкарат. Мамлекеттин башында Учредителдик чогулуш (өкмөт Учредителдик чогулуш тарабынан шайланат жана ага баш ийет) ортоңку мезгилдерде Учредительдик чогулуш жана Мамлекеттик Дума шайлаган - Президент турат »[i]. Партиянын программасындагы мындай жобо алашчылардын келечектеги мамлекеттик түзүлүш боюнча так позициясы болгон эмес деген большевиктик көз караштыи жокко чыгарат. «Алаштын» программасы боюнча мыйзам чыгаруу бийлиги Мамлекеттик Думанын колуна топтолуп, ал өкмөттүн ишмердүүлүгүн көзөмөлдөө укугуна ээ болгон. Бийлик мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийлигине так бөлүнгөн.

Алашчылар шайлоонун прогрессивдүү системасын сунушташкан: «Шайлоо укугун теги, туткан дини жана жыныстык айырмачылыктарына карабай пайдалана алышат. Депутаттарды шайлоо тең, тикелей жана жашыруун добуш берүү аркылуу жүргүзүлөт».

Туркестандын бардык калкы кирген болжолдуу мамлекеттик түзүлүш Алаш автономиясы аталат. Улуттук азчылыктын укугу, маданий жана экстерриториялык автономия өкмөттүк жана мамлекеттик мекемелерде пропорционалдык өкүлчүлүк кепилденген. Элдердин тең укуктуулугу, инсандын кол тийбестиги, сөз эркиндиги, союздарга биригүү, демонстрация жана башка эркиндиктер жарыяланган. «Алаштын» программасы өтө кыска формада жазылып, коомдук өнүгүштүн бардык деталдарын камтый алган эмес. Партиялык программа үчүн анын баары сөзсүз эмес эле. Негизинен, жалпы маселелер жана маанилүү принциптер жана милдеттер чагылдырылган.

Көп өтпөй Февраль Октябрга алмашылган. Бийлике Учредителдик чогулушту четке каккан радикалдар келишкен. «Парламенттик республика эмес – ага кайрылуу бир кадам артка болот, - төмөнтөн жогору карай бүткүл өлкө боюнча жумушчу, батрак жана дыйкан депутаттарынын Советтик республикасы» - деп жазган В.И.Ленин. Ошентип, пролетардык революция буржуазиялык демократиянын нормаларынан жана укуктук мамлекет идеясынан баш тарткан. Бир мезгилде Советтердин алкагына мыйзам чыгаруу жана аткаруу бийлиги кошулуп кеткен. Ошондой эле негизинде бардык түрк элдерин бирдиктүү мамлекетке бириктирген принцип жаткан Алаш автономиясы жөнүндө идея атайылап жашырылган (Алаш бардык түрктөрдүн мифологиялык ата бабасы болгон).

Он жыл өткөндөн кийин А.Сыдыков подполдук «Социал-Туран партиясын» түзүп, советтик моделден айырмаланган, коом менен мамлекеттик түзүлүштүн альтернативтүү вариантын издеген. Анын ою боюнча, келечекте көз карандысыз демократиялуу, эркин Кыргызстан мамлекети түзүлүп, ал гуманисттик традицияларга негизделип, анда жашаган ар бир жаран эркин ой жүгүртүүгөө, жашоого жана өнүгүүгө мүмкүнчүлүгү болушу керек эле.

Падышачылык кулатылгандан кийин «Алаш» партиясы легалдаштырылган. Кыска мезгил ичинде 1917-ж. апрель, июль жана декабрда үч сңезд өткөргөн. Алаштын I учредителдик сңездине делегат болуп кыргыздардан И.Арабаев менен Д.Сооромбаев шайланган. «Алаштын» Кыргыз крайындагы Оренбург шаарында өткөн III сңезди партиянын уюштуруу түзүлүш иштерин аяктап,анын негизги программалык жоболорун иштеп чыгат. Бул сңездин ишине кыргыз тараптан А.Сыдыков менен Т.Худайбергенов катышкан. Россия империясынын мурдагы граждандары большевиктердин бийлигин таанууга шашылган эмес. Убактылуу өкмөткө иренжип калгандыктан, Совет бийлигине деле анча ишеним жок болгон.

Жетисууда 1917-ж. 12-ноябрда алдыдагы Москвада өтө турган Учредительдик чогулушка депутаттарды шайлоо жүргөн. Большевиктер партиясынан бир да депутат шайланган эмес.«Алаш» партиясынан областтык аскер губернаторунун котормочусу Ибрагим Жайнаков, уезддик бийлик органдарынан Д.Сооромбаев менен А.Сыдыков; «Букара» союзунан алашчыл М.Тынышпаев шайланган.

Өз убагында «Алаш» партиясы өтө эле антисоветтик партия катары мүнөздөлгөн. Бирок партиянын жетекчилери автономдуу мамлекетти түзүү максатын коюу менен бирге, революциялык процесстердин таасиринин натыйжасында кадеттерден бөлүнүп, социалисттерге жакындай башташкан. Мындай маанайга большевиктер партиясынын «ар бир улут өз тагдырын өзү чечип, өз алдынча мамлекет болуп бөлүнүп кетүүгө чейин укугу бар»деген урааны чоң түрткү берген.

1919-ж. Заки Валидовдун «буржуазиялык-улутчул» автономдуу татар-башкыр өкмөтү таркатылып, ордуна кайра эле З.Валидов башында турган Башкыр АССРи түзүлөт. Совет өкмөтүнүн улут саясатындагы мындай бурулуш алашчыларга өз тилектерин большевиктердин платформасында ишке ашыруу үмүтүн пайда кылган. 1920-ж. Кыргыз (Казак) АССРи жарыяланган.

«Алаштын» жетекчилеринин жана анын кыргыз филиалынын келечектеги тагдырлары кандай болгон? 1937-ж. А.Букейханов, А. Байтурсунов жана М.Тынышпаев атылышкан, Шералы Лапин, М. Чокаев эмиграцияга кетишкен.

Кыргыз филиалы: Д.Сооромбаев 1921-ж. ЧК тарабынан атылган, И.Арабаев 1933-ж. түрмөдө сырдуу түрдө каза болгон, 1938-ж. А.Сыдыков, И.Айдарбеков, К.Тыныстанов, С.Чукин жана Н.Тулин атылышкан.

А.Сыдыков большевиктерге тез эле келген эмес. Мына ушул жагдай аны Туркестандын саясий турмушунан четтетүүдө каршылаштары тарабынан бир канча жолу жалаа жабуу үчүн ийгиликтүү колдонулган. Анын турмушта өз ордун табууга болгон изденүүсүн контрреволюциялык ишмердүүлүк катары сүрөттөшкөн. Чындыгында андай болгон эмес. Биринчиден, А.Сыдыков «Алашка», андан кийин солчул эсерлерге өзүнүн жеке өсүп-өнүгүп турган ынанымдары аркылуу келген. Экинчиден, 1917-ж. октябрга чейин россиялык демократиялык кыймылда эсерлер менен меньшевиктер лидерлик кылып турган.

Үчүнчүдөн, Кыргызстанда большевиктер партиясы өз конкуренттерине караганда кечирээк түзүлгөн. Ж.Абрахмановдун эскерүүсү боюнча, Кыргызстанда большевиктик агитацияны жер жерлерде коммунисттик ячейкалардын жоктугуна байланыштуу жергиликтүү Советтер жүргүзүшкөн. Туркестандык

большевиктердин биринчи сңезди 1918-ж. июнда кырктай делегаттардын катышуусунда өткөн. Ал турсун, Октябрь революциясынын жеңишинен кийин партиялык чөйрөдө өзүнүн тарыхый миссиясын аткарганына байланыштуу большевиктик уюмду жоюу жөнүндө маселе коюлган. Партиянын Борбордук Комитетинин жападан-жалгыз секретары жана Бүткүл россиялык Борбордук Аткаруу Комитетинин төрагасы болуп Я.Свердлов иштеген. Жалаң пропаганда менен иштешкен жергиликтүү партиялык уюмдар жергиликтүү Советтердин «агитпропуна» айланышкан. Партиялык жана советтик органдардын ортосундагы мамиледе Советтер негизги орунду ээлеген. 1919-ж. Я.Свердловдун өлүмүнөн кийин кырдаал тез эле парткомдордун пайдасына өзгөргөн. Ушул учурдан баштап партиялык аппараттын ролу өсүп, Советтерди «көзөмөлдөөчү» органга айлана баштаган. Бул процесс партиянын Борбордук Комитетинин секретары Крестинский тарабынан башталып, генералдык секретарь Сталин тарабынан абсурдга чейин жеткирилген. Төртүнчүдөн, 1916-ж. көтөрүлүштөн кийин кыргыздар менен европалыктардын ортосунда мамиле өтө начар болгондуктан, социалисттик кыймылды жергиликтүү калк бөтөн кыймыл катары кабыл алган.

Кыргыз коомунун өтө туура ой жүгүрткөн бөлүгү жалпы максаттарга жетиш үчүн бөтөн кыймылдын программасын терең түшүнүүгө умтулушкан.Ушундай максатта А.Сыдыков, И.Айдарбеков, И.Кобеков, С.Чукин, С,Мураталин жана башка кыргыздар Жетисуу областында кеңири жайылтылган солчул эсерлердин уюмуна өтүшкө

Адабияттар:

1. Курманов З.К., Садыков Э.Э. Абдыкерим Сыдыков: Личность и история. – Бишкек: Шам, 2002. - С. 20.
2. Плоских В, Курманов З. и др. У истоков кыргызской национальной государственности. – Бишкек: Илим, 1996.
3. Курманов З. Политическая борьба в Кыргызстане 20-е годы. – Бишкек: Илим, 1997.